**Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын шайлоочулардын жана башка шайлоо процессинин катышуучуларынын арыздарын кароо комиссиясына**

**Талас облусунун № 20 бир мандаттуу Манас шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Д. А. Джумабековдун шайлоо боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Ашыркул уулу Кенжебектен**
**Байланыш телефон: (+996) 502 379 858.**

# А Р Ы З

**(Талас облусунун № 20 Манас бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер М.Н. Назарбековдун шайлоо алдындагы үгүт иштеринин жүргүзүү тартибин бузгандыгы жөнүндө)**

Талас облусунун № 20 Манас бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер М.Р. Назарбеков шайлоо алдындагы үгүт иштеринин жүргүзүү тартибин бузгандыгына күбө болдум себеби, Манас районуна караштуу Май айылындагы жогорку чыңалуудагы электр чубалгынын мамычасына талапкер М.Р. Назарбековдун үгүт материалы жайгаштырылгандыгын шайлоочу телефонго тартып Ватсап интернет булактарынан көрдүм. Талапкер М.Р. Назарбеков мындай аракети менен Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин талаптарын бузган, тактап айтканда Шайлоо алдындагы үгүттү өткөрүүдө, үгүттүк материалдарды мыйзам менен тыю салынган жайларга жайгаштырып жатканын көрсөк болот.

Жогорудагы аталган мыйзам бузуучулук фактысына юридикалык баа берилип мыйзам чегинде чара көрүлүшү керек, ошол себептен Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө конституциялык мыйзамын жетекчиликке алып **суранам:**

- **Талас облусунун № 20 Манас бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер М.Р. Назарбековго шайлоо алдындагы үгүт иштеринин жүргүзүү тартибин бузгандыгы жоопкерчиликке тартууну.**

Тиркелет: Ватсап аркылуу таркатылган кидеороликтен CD тартылган көчүрмөсү.

_______________ Ашыркул уулу Кенжебек.

24. 11. 2021ж.